| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XIV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 23-апрелиндеги №201 — Кара-Коо айылы

**Кара-Коо айылындагы унааларды токтотуучу жайды (эски гараж) «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасына пайдаланууга берүү үчүн муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Ак-Терек айыл өкмөтүнүн айыл өкмөт башчысы У.Эмилбековдун 16.04.2026-ж. №01-7-1310, сандуу кайрылуусунун негизинде, Кара-Коо айылындагы унааларды токтотуучу жайды (эски гараж) «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасына пайдаланууга берүү үчүн муниципалдык менчикке алуу боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Коо айылындагы унааларды токтотуучу жайды (эски гараж) Ак-Терек айыл өкмөттүн (балансына) муниципалдык менчигине алынсын.

2. Кара-Коо айылындагы унааларды токтотуучу жайды (эски гараж) «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасына пайдаланууга берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адиси Т.Мамбетжунушовго жана «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасын жетекчиси У.Мааткеримовго милдеттендирилсин

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**